«Информатика» предмети предметтик стандартка,окуу программасына жана окуу методикалык комплексине ылайык окутуу 5-6-7-9-класстарда жумасына бир сааттан 8-класста 2 сааттан окутулат.
«Музыка» предмети 1-7-класстарда тиешелүү предметтик стандарттарга окуу программаларына жана окуу-методикалык комплекстерге ылайык окутулат.1-2-класстарда 2 сааттан,3-7-класстарда 1 сааттан окутулат.
Мектеп компоненти 5-классттар үчүн математика сабагына берилди.8-классттын мектеп компоненти химия сабагына берилди, 10-класстын мектеп компоненти тарых сабагына берилди.
Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо алардын окуу программасынын мазмунун өздөштүрүү денгээлин текшерүү максатында жүргүзүлөт.Баалоо КР мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартында үч түрдө берилген:диагностикалык, калыптандыруучу(формативдик) жанажыйынтыктоочу(суммативдик).
Сабактар 2022-жылдын 1-сентябрынан башталып,2023-жылдын 24-июнда аяктайт.Окуу жылынын созулушу,каникул мезгилдерин эсепке албаганда төмөндөгүдөй болот.1-кл-33 жума,2-4-класстар-34 жума,5-11-кл экзамендик мезгилди эске алуу менен 34жумадан 36жумага чейин.
Каникул графиги:
Күзгү-7 күн:2022-жылдын 31-октябрынан башталып 6-ноябры кошо эсептелет.Окуу 9-ноябрда башталат.
Кышкы-12 күн,2021-жылдын 30-декабрынан 2022-жылдын 10-январына чейин .Окуу 11-январдан башталат.
Жазгы-10күн,2023-жылдын 20-мартынан 29-марты кошо эсептелет.Окуу 2023-жылдын 30-мартында башталат.
1-классттардын окуучулары үчүн 3-чейректе кошумча апталык каникул күндөрү берилет.Сабактын узактыгы 1-кл-40 мүн,2-11-класстарда 45 мүнөт.